**Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну» аттуу диссертациясына илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

**Диссертациянын темасы актуалдуу** экенинде шек жок. Анткени ушул күнгө чейин кыргыз калемгери Абдулхай Алдашевдин роман-эсселерине түз кайрылып, алардын эссеисттик мүнөзүн жана баалуулуктук мазмунун кеңири иликтөөгө алган илимий изилдөө жүргүзүлө элек болчу. Андыктан диссертанттын А. Алдашевдин «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү» трилогиясын аксиологиялык аспектте баалоого арналган изилдөөсү филология илиминин учурдагы өнүгүүсү үчүн абдан актуалдуу.

**Изилдөөнүн негизги жоболору жаңычылдыкка** ээ экени айкын көрүнүп турат. Алсак, диссертант Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун биринчи болуп изилдөөгө батынып жатат. Ошондой эле, изилдөө темасынын алкагында дүйнөлүк адабият таануу илиминдеги эссе теориясынын калыптануусун жана өнүгүүсүн колдон келишинче кеңири талдоого алат. Булар кыргыз адабият таануусунда алгач ирет сөзгө алынууда.

**Диссертациянын негизги натыйжалары** катары кыргыз адабият таануусунда төмөнкү изилдөөчүлүк иш-аракеттер алгачкы жолу жасалганын белгилейбиз: адабият таанууда илгертен бери өнүгүү алып келаткан эссе жанрынын теориясы боюнча терең мазмундуу илимий сереп жасалган; кыргыз жазуучусу А. Алдашевдин эссеистикасынын изилденүү абалы жана андагы актай барактар ишенимдүү ачылган; А. Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмуну роман-эсселерден конкреттүү мисалдар келтирүү менен далилденген; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук

изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин, объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжалары ырааттуу, логикалуу баяндалган; А. Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде кыргыз профессионал жазма адабиятындагы эссе жанрын андан аркы изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштар берилген.

**Изденүүчүнүн жекече салымы** жөнүндө айтсак, ал дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын изилденишине сереп жасаган; эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берген; А. Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине сереп жасаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөө зарылдыгын аныктаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясын сыпаттаган; А. Алдашевдин эссеисттик үчилтигинин баалуулуктук мазмунун ачкан; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжаларын сыпаттаган; А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжаларын сыпаттаган; А. Алдашевдин эссеистикасын талдоонун негизинде изилдөөнүн жаңы багыттары тууралуу практикалык сунуштарды берген.

Диссертант изилдөөнүн структурасын КР ЖАКнын инструкциясын бекем кармануу менен уюштурган.

Негизи, иште олуттуу кемчиликтер жок, Мунун себеби, изденүүчү КР ЖАКнын диссертацияларды жана авторефераттарды тариздөө боюнча нускамасынын талаптарын бекем сактагандыгында жатат.

**Илимий жетекчи, филология илимдеринин кандидаты,**

**профессордун милдетин аткаруучу** Жантаев А. С.